DOI: 10.33942/sititpr2022106 УДК 342.2

# ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАРДЫН УКУКТУК СТАТУСУ

**Макамбаева Д.И., Арым кызы Ж.**
*Ош мамалекеттик юридикалык институту, aidrisovna72@mail.ru*

***Аннотация.*** *Макаладагы изилдөөнүн предмети болуп физикалык жак термини жарандык мыйзамдуулукта жана эл аралык макулдашууларда укуктун субъектиси, алардын укуктук статусу колдонулат. Изилдөөнүн негизги максаты болуп чет өлкөлүк жарандарга башка мамлекеттердеги укук жана милдеттери жөнүндө эсептелинет. Эл аралык жеке укуктук абал боюнча физикалык жак катары тиешелүү укуктук мамилелерге катышкан бардык жактар жарандыгына, жарандыгы жоктугуна карабастан эсептелинет. Эл аралык жеке укуктун нормалары менен мүлктүк, жеке мүлктүк, үй-бүлөлүк, эмгектик жана чет өлкөлүктөрдүн процессуалдык укуктары жөнгө салынат. Чет өлкөлүк жарандардын укуктук статусун сактоо ар бир башка мамлекеттин мыйзам ченемдүүлүгүндө каралган жана керек болгон учурда чет элдик жаранга ошол мыйзам методикасы аркылуу иш жүзүнө ашырылат. Жаран кайсы мамлекеттин жараны болуп эсептелсе, ошол өлкөнүн укугу анын жеке мыйзамы болуп саналат. Адамдын эки же андан ашык жарандыгы болгондо ал адам кыйла тыгыз байланышта болгон өлкөнүн укугу анын жеке мыйзамы катары эсептелет.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекет, экономикалык абал, коом, саясат, инсандын орду, социалдык статус, качкындар, жарандыгы жоктор, жарандуулук.*

# ПРАВОВОЙ СТАТУС ИНОСТРАННЫХ ГРАЖДАН

**Макамбаева Д.И., Арым кызы Ж.**
*Ошский государственный юридический институт, aidrisovna72@mail.ru*

***Аннотация.*** *Предметом исследования данной работы являяется термин «физическое лицо» используемое в гражданском праве и международных договорах для обозначения лица как физического лица. Основной целью данной статьи заключается в придании прававого статуса лицам иностранных государств. Согласно международному частному праву физическое лицо – это лицо, участвующее в правоотношениях, независимо от его гражданства или безгражданства, где регламентируются трудовые, семейные и др, гражданско-процессуальные права иностранцев. Получение правового статуса лицам гражданина из других иностранных государств осуществляется согласно методики предусмторенных правовых законодательств. Право страны, гражданином которой является гражданин, является его личным законом. Когда лицо имеет два или более гражданства, его личным законом считается право страны, с которой оно наиболее тесно связано. Личным законом лиц без гражданства является право страны постоянного проживания.*

***Ключевые слова:*** *государство, экономическая ситуация, общества, политика, места личности в обществе, социальный статус, беженцы.*

# LEGAL STATUS OF FOREIGN CITIZENS

**Makambaeva D.I., Arym kyzy Zh.**
*Osh State Law Institute, aidrisovna72@mail.ru.*

***Abstract.*** *The subject of the study of this work is the term "individual" used in civil law and international treaties to refer to a person as an individual. The main purpose of this article is to give*

*legal status to persons of foreign states. According to private international law, an individual is a person participating in legal relations, regardless of his citizenship or statelessness, where labor, family, etc., civil procedural rights of foreigners are regulated. Obtaining a legal status to persons of a citizen from other foreign states is carried out according to the methodology of the prescribed legal legislation. The law of the country of which the citizen is a citizen is his personal law. When a person has two or more nationalities, his personal law is the law of the country with which he is most closely associated. The personal law of stateless persons is the law of the country of permanent residence.*

***Key words:*** *state, economic situation, societies, politics, place of personality in society, social status, refugees.*

**Кириш сөз.** Чындыгында бүгүнкү күндө чарбалык жашоонун көп тармактуу болушунун (интернциализацияланышы) натыйжасында, мамлекеттердин бир-бирине көз карандылыгынын (материалдык керектөөлөрдү эске алганда: күйүүчү май, жаратылыш газы, электр энергиясы, тамак аш азыктары ж.б.) күчөйүүсү, илимий – техникалык жана информациялык революция, элдердин массалык миграциясы дүйнөдөгү көптөгөн мамлекеттердин мыйзамдарына толуктоолорду киргизилүүсүнө алып келди. Жыйынтыгында бир мамлекет кабыл алган мыйзам актылары экинчи бир мамлекеттин мыйзам актыларына дал келбей бир топ татаалдыкты, түшүнбөстүктү жаратууда. Албетте мындай маселелерди жөнгө салууда дүйнөлүк денгээлдеги Эл аралык Конвенциялар кабыл алынган, бирок Конвенциялардын нормаларынын колдонулуу процесси бир топ кыйынчылыкты жаратып келет.

Эл аралык жеке укуктук мамилелер негизинен 3кө бөлүнөт [1,2, 3]:

1. мамилелердин субъектиси - болуп чет өлкөлүк физикалык жана юридикалык жактар эсептелет;
2. мамилелердин объектиси (мүлктүк, автордук укук) – чет өлкөнүн аймагында жайгашат [2, 3];
3. юридикалык факт, укуктук мамилелердин пайда болушу, өзгөрүшү жана токтотулушу чет өлкөдө болот: зыян келтирүү, физикалык жактын өлүмү, фирманын каттоодон өтүүсү ж.б. [4, 5].

**Макаланын актуалдулугу жана чечүлүүчү маселелер.** Физикалык жана юридикалык жактардын ортосундагы укуктук мамилелер эл аралык жеке укуктук нормалар менен жөнгө салынат, б.а. жогоруда аталган жактар эл аралык жеке укуктун субъектилери болуп эсептелет.

Азыркы жеке укуктук мамилелерди өнүктүрүүнүн спецификасы чек аралардын ачыктыгын орнотуу, чет мамлекеттердин аймагына визасыз кирүү, эмгекти эл аралык бөлүштүрүү, жумушчу күчтөрдүн жана калктын туруктуу миграциясы, аралаш никенин санын өстүрүү жана эл аралык асырап алуу менен мүнөздөлөт.

Физикалык жактардын укук жөндөмдүүлүгү - бул жарандын укук жана милдеттерге ээ болуусу. Көптөгөн мамлекеттерде императивдик жарандык – укуктук

норма орнотулган болуп, жарандык – укук жөндөмдүүлүк чөйрөсүндө чет өлкөлүк жарандар үчүн улуттук режим колдонулат. Ошондой эле жогоруда айтылган улуттук режим биздин мыйзамдарда да каралган. М: КРнын ГК 1178-статьясынын 2-пунктунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же эл аралык келишимдер белгиленгенден башка учурларда, чет өлкөлүк граждандар жана граждандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын граждандары менен бирдей эле укукка жөндөмдүү болушат [6, 7, 8, 9]. Ал эми укукка жөндөмдүүлүк тууралуу өзгөчөлөнгөн, атайын суроолор коллизиялык мүнөздү жөнгө салынат жана жарандын жеке мыйзамы менен аныкталат [10].

**Изилдөөнүн жүрүшү жана маклада маселелерди жөнгө салуу жолдору.** Кыргызстандын мыйзамдарында физикалык жактардын жарандык укук жөндөмдүүлүгү алардын жеке мыйзамдары менен аныкталат.

Жаран кайсы мамлекеттин жараны болуп эсептелсе, ошол өлкөнүн укугу анын жеке мыйзамы болуп саналат. Адамдын эки же андан ашык жарандыгы болгондо ал адам кыйла тыгыз байланышта болгон өлкөнүн укугу анын жеке мыйзамы катары эсептелет. Качкын адамдын жеке мыйзамы ага баш калкалоо берген өлкөнүн укугу болуп эсептелет (КР ГК 1177-ст.) [7, 8].

Кыргыз Республикасынын жарандарынын чет өлкөлөрдөгү укук жөндөмдүүлүгү алар барган мамлекеттердин мыйзамдары менен аныкталат. КРнын Конституциясына ылайык Кыргыз Республикасы ъз жарандарынын укуктарын коргоого жана чет өлкөлөрдө камкордук көрсөтүүгө милдеттүү (КРнын Конституциясы 50-б. 5-пункт) [1]. Эгерде КРнын жарандарынын кайсы бир өлкөдө укуктары кемсинтилсе, анда ага жооп иретинде КРнын өкмөтү тарабынан ал өлкөнун жарандарынын укуктарын чектөө иштери жүргүзүлөт (КР ГК 1176-ст) [5].

Физикалык жактардын жарандык аракет жөндөмдүүлүгү - бул алардын өз аракети менен жарандык укук жана милдеттерди ишке ашыруусу. Бардык өлкөлөрдүн мыйзамдары менен аныкталган тартипке ылайык Эл аралык коомдук жана жеке укукта индивид мыйзамда каралган жаш куракка жеткен мезгилден тартып жарандык аракет жөндөмдүүлүккө ээ болот.

Эгерде чет өлкөлүк жаран биздин өлкөдө туруктуу жашаса анда аны толук же жарым – жартылай аракет жөндөмдүү деп табуу КРнын мыйзамдарынын негизинде ишке ашырылат. Жеке адамды аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп таануу сот турган өлкөнүн укугу боюнча ишке ашырылат. (КР ГК 1178-статья 5-пункт) [4, 6]

**Чет өлкөлүк жарандардын жана апатриддердин укуктук статусу**

Жогоруда аталган жеке укуктук мамилелердин катышуучулары болуп негизинен физикалык жактар эсептелип эл аралык жеке укукта физикалык жактардын негизинен

төмөнкүдөй категориялары аныкталган: чет өлкөлүк жарандар; апатриддер; бипатриддер жана качкындар.

Көптөгөн чет өлкөлүк укуктук системаларда (Франция, Испания) атайын укук тармагы, тактап айтканда - «чет өлкөлүктөрдүн укугу» каралган [9, 10]. Бул мамлекеттердин мыйзамдарында чет өлкөлүк жарандардын түрдүү категориялары аныкталган. «Чет өлкөлүк» деген түшүнүк апатрид, бипатрид жана качкындарды өз ичине камтыйт. Улуттук режим тең жана тең укуктуу принцибинине негизделген [2, 10].

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында чет өлкөлүк жарандардын жеке мыйзамы, укук жөндөмдүлүгү менен аракет жөндөмдүлүгү тууралуу КРнын Жарандык Кодексинин 1178-статьясында көрсөтүлгөн. Анын 1-пунктунда жеке адамдын укукка жөндөмдүүлүгү жана аракетке жөндөмдүүлүгү анын жеке мыйзамы менен аныкталат, 2-пунктунда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында же эл аралык келишимдер белгиленгенден башка учурларда, чет өлкөлүк граждандар жана граждандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасынын граждандары менен бирдей эле укукка жөндөмдүү болушат деп жазылат [3, 6].

КРнын Конституциясынын 19-беренесинин 1- пунктунда Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, мыйзамда же Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимде белгиленгенден башка учурларда Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктардан пайдаланат жана милдеттерди аткарат, 2-пунктунда Кыргыз Республикасы эл аралык милдеттенмелерге ылайык чет өлкө жарандарына жана жарандыгы жок адамдарга саясий дүйнөлөр боюнча куугунтукталганда, ошондой эле адам укуктары менен эркиндиктери бузулган учурларда баш калка берет деп жазылат [6].

КР ГК 1- бөлүк, 1-статьясынын 3-пунктунда жарандар, юридикалык жактар, мамлекет граждандык мыйзамдар тарабынан жөнгө салынуучу мамилелердин катышуучулары болуп эсептелет [2, 6].

Эгерде мыйзамда башкача каралбаса, жарандык мыйзамдар тарабынан белгиленген эрежелер чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар жана чет өлкөлүк юридикалык жактар катышкан мамилелерге карата колдонулат.

Физикалык жактардын жарандык аракетке жөндөмдүлүгү жана жеке мыйзам түшүнүгү кыргызстандык укукта КРнын ЖПК 368 – статьясында аныкталган [3, 5].

Мындан сырткары чет өлкөлүк жарандар жана качкындардын укуктук статусу тууралуу «Качкындар тууралуу КРнын Мыйзамы», «Чет өлкөлүк жарандар тууралуу КРнын Мыйзамы» иштейт [4, 5, 6].

Кыргыз Республикасынын жарандуулугуна гана таандык болгон кызматка жана ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүнө чет өлкөлүк жарандардын дайындалуусу мүмкүн

эмес. КР да туруктуу жашаган чет өлкөлүк жарандар биздин жарандар менен бирдей медициналык кызматтарды, жөлөк пул, пенсия ж.б. социалдык камсыздоонун формаларын пайдалана алышат. Билим алуу, үй-бүлө жана нике мамилелеринде да чет өлкөлүктөр биздин жарандар менен бирдей укуктарга ээ жана бирдей милдеттерди аркалашат.

**Макала боюнча жыйынтык:**

1. Изилдөөнүн негизинде физикалык жак термини жарандык мыйзамдуулукта жана эл аралык макулдашууларда укуктун субъектиси, алардын укуктук статусу каралды.
2. Макалада Эл аралык жеке укуктун нормалары менен мүлктүк, жеке мүлктүк, үй-бүлөлүк, эмгектик жана чет өлкөлүктөрдүн процессуалдык укуктарды жөнгө салуу маселери белгилүү жөнгө келтирүү аракети болду.
3. Чет өлкөлүк жарандардын укуктук статусун сактоо ар бир башка мамлекеттин мыйзам ченемдүүлүгүндө каралган жана керек болгон учурда чет элдик жаранга ошол мыйзамдын жардамы менен жаранга граждандык укук берүү меселеси аркылуу иш жүзүнө ашырылат.
4. Макалынын изилдөөсүнүн натыйжасында чет элдик, качкын жарандардын башка мамлекеттерден укуктук статусун алуу мүмкүнчүлгү каралды.

## АДАБИЯТТАР


1. *Кыргыз Республикасынын Конституциясы (КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-майындагы).*
2. *КРнын Жарандык Кодекси (I бөлүк). 2009-жылдын 24-июлундагы N 252 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык).*
3. *КРнын Жарандык Кодекси (II бөлүк). 2009-жылдын 17-июлундагы N 233 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык).*
4. *КРнын Жарандык процесстик Кодекси (I, II бөлүк) 2009-жылдын 24-июлундагы № 252 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык, (Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 29-декабрындагы №147, 1998-жылдын 5-январындагы № 2 мыйзамдары менен күчүнө киргизилген).*
5. *Кыргыз Республикасынын үй-бүлөө Кодекси 2017-жылдын 8 июнь №100*
6. *Закон Кыргызской Республики "О гражданстве Кыргызской Республики" (принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 27 марта 2007 года).*
7. ***Богуславский, М.М.** Международное частное право. – М.: Юрист, – 2008. – 418 с.*
8. ***Гетьман – Павлова, И.В.** Международное чатное право (конспект лекции). – М.: «Юрайт», 2008. – 398 с.*
9. ***Валеев, Р.М.** Международное право. Особенная часть: Учебник для ВУЗов. – М.: Статут, 2010. – 624с.*
10. ***Черниченко, С. В.** Международно-правовые вопросы гражданства. – М.: Юрист, 1968. – 423 с.*